**Ленин районунун № 96 жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2019-2020– окуу жылындагы окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн башталгыч класстарынын кыргыз тили (мамлекеттик тил) жана кыргыз тили, адабияты усулдук бирикмесинин жылдык иштелген иштеринин анализи**

Жаңы окуу жылына карата кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин мугалимдер кеңешмеси болуп өттү. Бул кеңешмеде окуу жылына карата окуу китептери менен таанышуу, пландаштыруу, окуу жумуштарын бөлүштүрүү каралды. Ар бир мугалимдин методикалык темасы бекитилип, календардык пландар, мугалимдердин сандык – сапаттык курамы такталды. Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинде он бир мугалим эмгектенет. Жаш мугалим Сулайман кызы Нурзадага насаатчы Ажыканова Назира бекитилди. Окуу китептери менен мектеп окуучулары камсыз болушту.

2019 – 2020 – окуу жылында окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн башталгыч класстары төмөндөгүдөй толукталды: 1-м, 1-н, 2-м кл, 2-н, 2-л;

9-сентябрь Комуз күнү

9-сентябрь Комуз күнүнө карата мектепте салтанаттуу линейка болуп өттү. Бул күнү комуз күүлөрү угулду. Линейкада мектеп директору Г.Асанова куттуктоо сөз сүйлөп, ал эми таланттуу окуучулар комуз күүлөрүн аткарып беришти. Ар бир класста мугалимдер көрсөтмөлүүлүк менен класстык сааттар өтүлдү. Класстык сааттарда комуздун тарыхын, жасалашын, белгилүү комузчулар жөнүндө кеңири маалымат алышты. Комуз черткен окуучулар классташтарына өз өнөрлөрүн көрсөтүштү. Мектеп окуучулары жана музыка мугалимдери менен биргеликте чакан программада жыйын залда концерт болуп өттү. Комуз ийримине катышкан окуучулар «Жаштар маршы», «Кербезим» күүлөрүн ойноп беришти.






23-сентябрда 07.30да кыргыз тилинин гимни мектеп ичинде жаңырды.

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзамынын 30 жылдыгына карата 23-сентябрда салтанаттуу линейка болуп өттү. Линейкада: тилге арналган көркөм окуулар, доклад «Тил тагдыры- эл тагдыры» окулуп, обондуу «Эне тилим» аттуу ыр ырдалды. Биринчи сабакта класстык сааттар өтүлдү.









Мектептин мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Ж.Исмаилова жана уюштуруу иштери боюнча директордун орун басары А Токтосеитовна 8-В, 5-В, 3-Б класстын окуучулары менен биргеликте тил майрамына карата флешмоб уюштурушту.







23-сентябрь күнү 6-класстын окуучулары, класс активдери, тарбия завуч, дене тарбия, башталгыч класс,кыргыз тили мугалимдери жөө жүрүшкө чыгышты. Жөө жүрүш Ак-Ордодогу Гагарин көчөсүнөн башталып Б.Алыкулов көчөсүнө чейин уланды. Окуучулар, мугалимдер колдоруна тилге арналган чакырыктарды, накыл сөздөрдү көтөрүшүп, обондуу Н.Насиптин «Эне тилде сүйлөйлү» аттуу ырын ырдашты.











Ал эми жыйын залда кыргыз тили жана адабияты УБнын «Тил тагдыры-эл тагдыры» аттуу чакан майрамдык концерт жыйын залда болуп өттү.












СССРдин эл артисти Ч.Базарбаевдин туулган күнүнүн 70 жылдыгына карата 8-класстар тарабынан дубал газеталар чыгарылып, музыка сабактарынан ачык сабактар өткөрүлдү. Ал эми 9-класстар «Балеттин чолпону-Ч.Базарбаев» темасында эссе жазышты.

24-сентябрда 5-класстардан уланмалуулук боюнча “Эне тилим-кутман тил” деген темада жат жазуу алынды. Окуучулар жазуу ишинде орфографиялык жана пунктуациялык каталарга жол беришкен. Айрым окуучулар абзацтын ажыратылышын сакташкан эмес.

## Предмет: кыргыз тили

| класс | 5 | 4 | 3 | 2 | билим сапаты | жетиш үүсү | жетиш пейт | мугалим |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5А | 9 | 14 | 11 | 7 | 56 % | 82 % | 17% | Жумашова А. |
| 5Б | 7 | 11 | 6 | 14 | 47 % | 63 % | 37% | Бейшеналиева Ш |
| 5В | 6 | 11 | 11 | 12 | 42 % | 70 % | 30% | Жумашова А. |
| 5Г | 3 | 9 | 9 | 14 | 34 % | 60 % | 40% | Карагулова Б. |
| 5Д | 4 | 12 | 8 | 17 | 39 % | 58 % | 42% | Сулайман к Н |
| 5Ж | 1 | 9 | 10 | 15 | 28 % | 57 % | 43% | Карагулова Б. |
| 5Е | 5 | 7 | 8 | 17 | 32 % | 54 % | 46% | Бейшеналиева Ш |
| **Жалпы** | **35** | **73** | **63** | **96** | **40%** | **64%** | **36%** | **Тизме б.ч-289**<br>**Жазганы-267** |



27-сентябрда 10-класстардан билим сапатын текшерүү максатында
«Мамлекеттик тил» деген темада жат жазуу алынды.

| класс | 5 | 4 | 3 | 2 | билим сапаты | Жетишүүсү | жетишпейт | мугалим |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 10-А | 5 | 13 | 12 | 6 | 50% | 81 % | 16% | Чыпаева Ч |
| 10-Б | 7 | 9 | 17 | -- | 48 % | 100% | | Чыпаева Ч |
| **Жалпы** | **12** | **22** | **29** | **6** | **49%** | **84%** | **16%** | **Тизме б.ч-78 Жазганы-69** |

17-18-октябрда 6-7-класстарынын кыргыз тили дептерлеринин абалы 7 критерийдин негизинде текшерилди.

1.Бирдиктүү орфограф. режимди сактоо;
2. Үй тапшырманын ыңгайлуу көлөмү;
3. Мезгилдик текшерүү;
4. Калыс баалоо;
5. Дептердин тышы;
6. Мугалим тарабынан эскертүүлөр;
7. Талаа, жеткирбөө. негизинде текшерилди.

Жыйынтыгында 6-класстардын дептерлери убагында текшерилген. Эскертүүлөр жазылган. Көпчүлүк окуучулардын кол жазмалары талапка жооп бербейт. Булгап,таза эмес жазган, үй тапшырмаларын толук аткарбаган окуучулар бар. Дептердин сырттары сыртталган, толтурулган. Эскертүүлөр мугалимдер тарабынан аз берилген.

Ал эми 7-класстарда дептерлердин абалы орто. Кол жазмалары талапка ылайык келбеген окуучулар көп кездешти. Орфографиялык, пунктуациялык каталар көп.

Мамлекеттик тилди жайылтуу максатында башталгыч класстарда “Жомокторго саякат” аттуу иш-чара ата-энелердин окуучуларга жомок окуп берүүсү жана ролдоштуруп көргөзүүсү болуп өттү.










5-класстардын журналдарынын абалы 5 критерийдин негизинде текшерилди.

1. Окуучулардын калтырган күндөрүнүн толтурулушу;
2. Баалоонун тууралыгы;
3. Өтүлгөн теманын жазылышы;
4. Программалык материалдын аткарылышы;

Текшерүүдө журналдардын абалы жакшы, өтүлгөн темалар убагында жазылган, баалардын коюлуш жыштыгы боюнча айрым мугалимдерге эскертилди.

Кыргыз тили усулдук бирикмесинин декадасы 18-ноябрдан 30-ноябрга чейин жарыяланып, өтүлүүчү ачык сабактардын графиги түзүлүп илинди.

Декаданын максаты:

- окуучулардын кыргыз тили, адабияты сабагына болгон кызыгуусун арттыруу;
- таанып билүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу;
- логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү;
- окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү.

Ачык сабактар интерактивдүү ыкмалар жана видео слайддар менен өтүлдү. Декадада “Кыргыз тили-кыргызымдын тиреги” аттуу 6-класстар арасында интеллектуалдык таймаш сабагы болду.









Ачык сабактар өз учурунда интерактивдүү ыкмалар менен өткөрүлдү.

















Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн башталгыч класстарында 18-ноябрдан 22-ноябрга чейин 2-класстар арасында окуу ылдамдыгын текшерүү болуп өттү. Окуучуларга авторлору: Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, класстан тышкаркы окуу китебинен алынган “Ырыс алды-ынтымак” текстти окутулду.

Жыйынтыгында, окуучулардын нормага жетип окуган, окуп түшүнүүсү, көркөм окуусу боюнча 2-н классы жакшы натыйжа берди. Ал эми нормадан төмөн окуган окуучулар менен мугалимдин иштөөсү зарыл.

6-класстардын окуу техникасын текшерүү көзөмөлгө коюлган. 6-класстар Ч.Айтматовдун “Биринчи мугалим” повестинен үзүндү окушту. Окуучулар арасынан нормага жетпеген, түшүнгөнүн айтып бере албаган, көркөм окуй албаган окуучулар да бар. 6-б,6-в класс жакшы жыйынтык көрсөттү. Ал эми нормага жетип окубагавн балдар менен мугалимдин кошумча иштөөсү зарыл.

“Мамлекеттик тил жөнүндө” мыйзамынын 30 жылдыгына карата “Эне тил кайрыктары” аттуу поэзия кечеси өткөрүлдү. Поэзия кечесине жаш акындар: Турсунбаев Жылдызбек, Жамгырчиев Бердибек жана ыр дүйнөсүнө кызыккан ата-энелер, окуучулар катышышты.





23-ноябрда мектеп ичинде олимпиада өткөрүлдү. Олимпиадага кыргыз тили жана адабиятынан 5-класстардан -15 окуучу, 6-класстардан – 12 окуучу, 7-класстардан-9 окуучу, 8-класстардан- 10 окуучу, 9-класстардан-10 окуучу, 10-11-класстардан 8-окуучу катышты. Олимпиададан 1-2-3-орун алган окуучулар мектеп жетекчилиги тарабынан Сыйлоо баракчасын алышты. Ал эми райондук олимпиадага: Белекова

Айназик Белековна 11-А кл, Эркинбаева Айназик 10-Б, 9-В Турсуналиева Айдай жолдомо алышып, жыйынтыгында орунга ээ болгон жок.

4-декабрь Манас күнүнө карата мектептин фойесиндеги Манас бурчунда иш-чара өткөрүлдү. Иш-чарага Манас ийримине катышкан окуучулар манас айтышты. Ал эми 7-8-кл.окуучулары реферат жазышып, 5-6-класстын окуучулары сүрөт тартышты.







12-декабрь Адабият күнүндө көркөм окуулар жана ошону менен бирге “Мамлекеттик тил жөнүндө” мыйзамынын 30 жылдыгына карата “Ырдайлы кыргыз ырларын” аттуу жыйынтыктоочу иш-чара уюштурулду. Бул иш-чарада улуу залкар адабиятчылардын ырларынан көркөм окушуп, обондуу ырларынан мугалимдер окуучулар менен биргеликте ырдашты. Ошондой эле үч айлык пландагы иш-чараларга мектеп жетекчилиги тарабынан:көркөм окуу, мыкты дил баян, мыкты сүрөтчү, жөө жүрүшкө, флешмобго активдүү катышкан окуучуларга Сыйлоо баракчалары тапшырылды.



















11-декабрда 7-г классынан жана 4-в классынан билим сапатын көзөмөлдөө үчүн кыргыз тилинен жат жазуу алынды.



Биринчи жарым жылдыкты жыйынтыктоо боюнча усулдук бирикменин кеңешмеси болуп өттү. Кеңешмеде билим сапаттардын мониторингдери, мамлекттик программанын аткарылышы жана “Дифференцирленген окутуунун мааниси жана түрлөрү” аттуу докладды кыргыз тили мугалими Ч.Токтогулова окуду.

21-февраль Эл аралык эне тил күнүнө карата № 96 орто мектептин жыйын залында окуучуларга башка улуттурдын тилин, каада-салтын, адабиятын таанытуу максатында 8-9-класстар арасында «Тил бермети – дил бермети» аттуу интеллектуалдык оюн өткөрүлдү. Окуучулардын үч тилде: кыргыз, орус, англис тилдеринде өз өлкөлөрүн слайд аркылуу жактап, бири-бирине суроо-жооптор үч тилде берилип, эркин сүйлөшүүлөрүнө мүмкүнчүлүк түзүлдү.





Ал эми кыргыздын каада-салттарын кийинки муунга жеткирүү, өткөрүп берүү максатында «Көөнөрбөс каада-салт улансын» аттуу сахналаштырылган иш чарага 4-5-класстын окуучулары катышып, ымыркайды сүйүнчүлөө, ат коюу, жентек берүү, бешикке салуу каада-салттарын көрсөтүп беришти. Ошону менен бирге «Кыргызстан» аттуу ырын ырдашып, «Кыргыз бийи» бийин бийлешип кыргыз элин даңазалашты.






10-февралдан 14-февралга чейин 6-8-кл кыргыз тилинен жазган жумушчу дептерлеринин абалы текшерилди. Дептерлерди текшерүүдө: дептерлердин тышы, мезгилдик текшерүү, үй тапшырмаларынын ыңгайлуу көлөмдөрү, калыс баалоо, мугалим тарабынан эскертүүлөр каралды. Ар бир класска жазылган аныктамалар менен мугалимдер иш жүргүзүштү.

Ал эми квалификациясын жогорулатуу үчүн кыргыз тили жана адабияты мугалимдерин толук 2020-жылдын 27.01 - 10.02. чейин 72 сааттык

1. “КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК МАМИЛЕНИН НЕГИЗИНДЕ САБАКТЫ ПЛАНДАШТЫРУУ” - аттуу көчмө курсун филология билим берүү кафедрасынын проф.К.Эсеналиева окутуп, мугалимдер сертификаттарга ээ болду. Ошондой эле мугалимдерге усулдук бирикменин кеңешмесинде төмөндөгүдөй докладдар:

1. “Тил тагдыры-эл тагдыры”
2. “Тилди турмушта колдоно билүү чеберчилигин үйрөтүүнүн инновациялык усулдары, формалары жана жолдору”
3. “Дифференцирленген окутуунун мааниси жана түрлөрү”,
4. “Адабий окуу сабагында жазуу иштеринин (дил баян, эссе, баяндама) баасын төмөндөтүүгө таасир эткен каталар менен кемчиликтердин классификациясы” окулду.

КРнын аймагында коронавирустун жайылышына жол бербөө жана кырдаалдын өнүгүшүнө бөгөт коюу чечимине ылайык 4-чейрек 8-апрелден баштап аралыктан окутуу башталган. Аралыктан окутууда мугалимдер ZOOM, Telegram, WhatsApp программалары аркылуу сабак өтүштү.

Ал эми жыйынтыктоочу экзамендер окуучулардын чейректик жана жазуу иштеринин орточо баллынын эсебинен чыгарылды.

Шаардык жана райондук семинарларга, иш-чараларга өз учурунда мугалимдер барып турушту.

Окуу китебинин колдонулушу, журналдардын толтурулушу, баа коюунун жыштыгы, дептерлерди текшерүү окуткан мугалимдер жана мектеп жетекчилиги тарабынан көзөмөл болуп турду.

Окуучулардын билим сапатын текшерүү максатында чейректик жат жазуулар алынып, окуу ылдамдыгы текшерилип, мониторингдер түзүлүп, УБнин кеңешмесинде каралып, токтомдор тиркелди.

Директор Асанова Г.Ж.

Мамлекеттик тил боюнча

директордун орун басары: Исмаилова Ж.М.